# Түркүк



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

# Түркүк

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

«Түркүк» (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Нурлан Токтали уулу


Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир күнү көпүрөнүн астындагы Түркүк
Көпүрөнү төбөсү менен түртүп,
Мындай деди муңкана
Көзүнүн жашын сүртүп:

– Белиме келтирип күч,
Төбөмдөн басып турат жүк.
Ошондо да чыдап турам,
Чым этип койбой түк.



Үстүмдөн машинелер зуулдап,
Кэдe балдар өтөт чуулдап.
Кыйналсам да солк этпей,
Турганымды эч ким туйбайт.


Мен жок болсом, көпүрө калмак кулап,
Мен бар үчүн гана бекем турат.
Көпүрөнү эле мактай беришет,
Мени бири да койбойт сурап.


Жүгүм оор, жүдөп бүттүм чүнчүп, –
деп капа болду Түркүк.
Анда мындай деди аккан Суу
Көбүгүн ага жаба бүркүп:



– Туура, сен бар үчүн көпүрө турат,
Машинелер үстүңөн өтөт чубап.
Бирок сенин милдетиң тиреп туруу,
Аны билбегениң уят!



Көпүрөгө бут болуп турганың жакшы,
Чыдамкайлыгың мага абдан жакты.
Анан да таптакыр коркпойсуң,
Агызып келсем да чоң ташты.

Адамды, бакты, чымчыкты карачы,
Адамда бар – кол-бут, чымчыкта – канаты.
Бакта – тамыр, жайылган бутак болсо да,
Адам, чымчык, бак деп атоо – баарынын адаты.





Ошол сыңар көпүрө десе,
Түркүк, сай, таянган жээктер келет эске.
Ошондуктан капа болбо, досум,
Кошулбай калдым деп бул кепке.

“Сабырдын түбү – сары алтын” деген,
Сабырдуу болсоң, сага дүйнө кенен.
Сымбаттуу, көрктүү, кооз көрүнүп,
Сен бир бүтүнсүң, көпүрө менен.



Ырас, Суу көп жерлерден акты,
Көптү көргөнгө калыс сөзүн айтты.
Түркүктөй болуп, укугун эле айтпай,
Өз милдетин билген да жакшы!



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Нурланбек Токтали уулу

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли